КАРАЛДЫ
Педагогикалык кеңеш
№ 1 ПРОТОКОЛ
23.08 2022-ж

БЕКИТЕМИН
№82 жалпы билим берүү
берүү мектебинин директору
Исмаилова А. Н.
23.08.2022-жыл

## Педагогикалык жамааттын билимин үзгүлтүксүз жогорулатууну уюштуруу жөнүндө жобо

**1. Жалпы жобо**

**1.1.** Бул жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 12.09.2011-ж №541 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүү уюму жөнүндө" типтүү жобого (КР Өкмөтүнүн 17.06.2019-ж № 295 токтомдорунун редакцияларына), №89 жалпы орто билим берүү мектебинин Уставына ылайык жана мектептин педагогикалык кадрларынын квалификациясын жогорулатуу максатында курстарга жиберүү тартибин аныктайт.

**1.2.** Бул жобо мектептин педагогикалык кызматкерлеринин кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча иш алып барган негизги методологиялык принциптерди жана максаттарын, милдеттерин, аны уюштуруунун тартиби жана формаларын аныктайт.

**1.3.** Педагогикалык курамдын кесиптик компетенттүүлүгү мектептин билим берүүнүн натыйжалуулугуна таасир этүүчү эң маанилүү фактор болуп саналат.

**1.4.** Учурдагы билим берүү тутумунун талабына педагогдун кесиптик компетенттүүлүгүнүн шайкеш келүүсү үчүн мектеп ичиндеги башкаруу структурасында мугалимдердин кесиптик чеберчилигин үзгүлтүксүз өркүндөтүү үчүн өзүнчө иш-аракет болушу керек.

**1.5.** Негизги методологиялык түшүнүктөр:

- **квалификация** - кесиптик иш-аракеттин белгилүү бир түрүн аткарууга даярдыгын мүнөздөөчү, билимдин, жөндөмдүн, шыктын жана компетенттүүлүктүн деңгээли;
- **квалификацияны жогорулатуу курстары** - бул адамдардын кесиптик билимин жана көндүмдөрүн талаптарынын жогорулашына байланыштуу алардын квалификациясынын деңгээлин жаңыртуу жана жаңы ыкмаларды өздөштүрүү. Кошумча билим берүүнүн бул түрү ченемдик документтерге ылайык, 72 саат өлчөмүндө тиешелүү мекемелер тарабынан окутууну камсыз кылат, окутуунун жыйынтыгы боюнча белгиленген формадагы күбөлүк же сертификат берилет;
- **билим берүү иш-чаралары** - билим берүү программаларын ишке ашыруу иш-аракеттери;
- **мугалим** - билим берүүчү уюм менен кызматтык мамиледеги, билим берүүчү уюмдун жумушчу күчү болгон жеке адам, ал өз ишмердүүлүгүндө окуучуларды окутуу, тарбиялоо жана билим берүү милдеттерин аткарат;

Сканировано с CamScanner

- **кесиптик өнүгүүнүн персоналдаштырылган модели** - билим берүү кызматкерлерине билим берүү программаларын тандоо мүмкүнчүлүгүн берген бюджеттик же бюджеттен тышкарки каржылоо менен өтүлгөн квалификациясын жогорулатуу иш-чарасы болуп саналат;
- **мугалимдин профессионалдык педагогикалык компетенттүүлүгү** – мугалимдин аныкталган баалуулуктардын, идеалдардын жана педагогикалык аң-сезимдин алып жүрүүчүсү катары анын анын педагогикалык ишмердүүлүгүнүн, педагогикалык мамиле кылуу жана мугалимдин инсандыгынын калыптангандыгын аныктоочу, жана ага керектүү билимдердин, билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн суммасына ээ болуусу;
- **кесиптик кайра даярдоо** - бул кесипкөйлүккө ылайык билим жана көндүмдөр үчүн зарыл болгон кошумча билим алуу менен кесиптик иштин жаңы түрүн ишке ашыруу. Кесиптик кайра даярдоодо программасы кеминде 500 саатты камтылышы керек. Аны ийгиликтүү аяктагандан кийин кесиптик кайра даярдообоюнча диплом алышат.

1.6. Мектеп ичиндеги башкаруу тутуму педагогикалык кадрлардын кесиптик өнүгүүсүнүнформалары жана механизмин камсыз кылат

1.7. Мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатуу боюнча ишти уюштуруудабилим берүү ишинин маанилүү принциптери ишке ашырылат:

- ар бир мугалимдин педагогикалык стилинин өзгөчөлүктөрүн аныктоо жана түзүү, аны өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүп берүү;
- жаңы инновациялык иштерди колдоо;
- кесиптик чексиз өсүшкө умтулууга үндөө;
- мугалимдердин инновацияга катышуусун жана каалоосун уюштуруу жагынан колдоо;
- алдыңкы жетишкендиктер жөнүндө мугалимдерге дайыма маалымат берип туруу;
- педагогикалык илимди практикада , жалпы мектептик тематикалык алкакта, семинарлар ж.б. иш-чаралар аркылуу бекемдөө.

## 2. Педагогикалык жамааттын квалификациясын жогорулатуу максатында иш-чараларды уюштуруу

Квалификацияны жогорулатуу жаатындагы максаттар жана милдеттер.

2.1. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуунун негизги максатыалардын кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү, калыптандыруу болуп саналат. Педагогикалык процесстин системалуу чагылдырылышынын туруктуу көндүмдөрү жана анын натыйжалары, педагогикалык структуралык бүтүндүгүн калыптандыруу, ар бир кызматкердин иш-аракеттери жана билим берүүнүн заманбап сапатына жетишүү талаптары биргелешип ишке ашырууну камсыз кылат.

2.2. Кесиптик өркүндөтүүнүн милдеттери:

- Заманбап маалыматтык, билим берүү технологиялары жана алдыңкы ыкмаларды киргизүү аркылуу педагогикалык чеберчиликти өркүндөтүү;
- илимдин жана практиканын акыркы жетишкендиктерин эске алуу менен мугалимдердин баарынын кесиптик чеберчилигин колдоо жана өркүндөтүү;
- мугалимдердин кесиптик иш-аракеттерин жана инсандык жөндөмдөрүн өркүндөтүү үчүн шарттарды түзүү;

Сканировано с CamScanner

- педагогикалык кадрлардын билимин өнүктүрүү үчүн жаңы технологияларды жана прогрессивдүү формаларды окуу процессинде колдонуу;
- кесиптик билимин өркүндөтүү менен квалификациясын жогорулатуу;
- кесиптик компетенттүүлүктү , көндүмдөрдү жана жөндөмдөрдү өркүндөтүү;
- педагогикалык чеберчиликти жогорулатуу үчүн кесиптик чыгармачылыкты активдештирүү;
- мугалимдердин жеке чыгармачыл идеяларын өз алдынча ишке ашыруусу үчүн толугу менен илимий-методикалык колдоо көрсөтүү;
- педагогикалык алдыңкы тажрыйба, педагогикалык инновация жана илимий жетишкендиктер, өнүгүүлөрдү издөөдө жана өнүктүрүүдө керектөөлөрдү канааттандыруу;
- бардык мугалимдердин заманбап технологиялык каражаттарды, ИКТны жогорку деңгээлде натыйжалуу өз алдынча пайдалануусуна, маалымат алмашуусуна жетишүү ;
- алдыңкы инновациялык педагогиканы изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу.

**3. Көзөмөл, укуктар жана жоопкерчилик**

3.1. Кесиптик деңгээлин жогорулатуу планга ылайык мугалимдин муктаждыктарын эске алуу менен графиктин негизинде жүргүзүлөт

3.2. Квалификацияны жогорулатуу курстарын аяктагандан кийин кызматкер милдеттүү түрдө мектеп администрациясына кесиптик деңгээлин жогорулатуу жөнүндө документ тапшырат.

3.3. Квалификациясын жогорулатуу курсуна баруучу мугалим курстун темасын жана программасын өз алдынча тандоого укуктуу;

3.4. Квалификациясын жогорулатуучу мугалимдин милдеттери:

- системалуу түрдө кесиптик деңгээлди жогорулатуу, б.а.мамлекеттик Билим берүү Стандартынын талаптары боюнча 5 жылдын ичинде кеминде 1 жолу 72 саат өлчөмүндө билим берүү программасы боюнча курстардан өтүү;

3.5. Квалификациясын жогорулатуучу мугалимдин б.а. педагогикалык кадрлардын жоопкерчилиги:

- Аларга берилген милдеттерди аткарбагандыгы же туура эмес аткаргандыгы үчүн белгиленген тартипте мыйзамдын чегинде жоопко тартылат;
- Педагогикалык кызматкерлер тарабынан квалификациясын жогорулатуу курсуна баруу аткарылбай калса же туура эмес аткарылса, аттестация өтүп жатканда эске алынат.

Сканировано с CamScanner